**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим министрлиги**

**Ош мамлекеттик университетинин**
**Өзгөн эл аралык медициналык**
**колледжи**




# Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин №4 жыйыны (онлайн)

*(20-ноябрь 2020-жыл)*

## КҮН ТАРТИБИ:

1 **Окуу-өндүрүштүк практикага студенттерди жөнөтүү иш чаралары, методисттердин иш кагаздары боюнча маалымат. 2019-2020-окуу жылындагы аралыктан уюштурулган практика боюнча маалымат.**
**Өндүрүштүк практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары жөнүндө.** (А.Хамидов – практика жетекчиси)

2 **Иш берүүчүлөр менен байланыштардын учурдагы абалы жөнүндө. Аккредитацияда берилген кемчилдиктерди жоюу иш чаралары.** (практика жеткчиси, цикл башчылары)

3 **Ар түркүн маселелер.**

- 1-модулдун жыйынтыгы боюнча маалымат. Айдар уулу М.
- Окуу процессинин жүрүшү, катышуу, тайпалык журналдардын толтурулушу, типтүү программалардын, жумушчу программалардын окуу бөлүмүнө тапшырылышы. Сулайманова Г.А.
- Кесиптик комитеттин төрагасын (төрайымын) шайлоо

# Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Гимни

**Слова:** Ж.Садыков, Ш.Кулуев
**Музыка:** Н.Давлесов, К.Молдобасанов

Ак мөңгүлүү аска, зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар!

**Кайырма:**
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салттын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

**Кайырма:**
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

**ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2020-жылдын 20-ноябрдагы №4 аралыктан өткөрүлгөн жыйынында Окуу-өндүрүштүк практикага студенттерди жөнөтүү иш чаралары, методисттердин иш кагаздары боюнча маалымат. 2019-2020-окуу жылындагы аралыктан уюштурулган практика боюнча маалымат. Өндүрүштүк практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары жөнүндө маалымат маселесине карата**

2019-2020-окуу жылындагы практикалар пандемиялык кырдаалга байланыштуу аралыктан туюштурулган. Практика жетекчиси А.Хамидова райондогу жалгыз инфекционист болгондуктан жана кырдаалга байланыштуу практика ишин алып бара албагандыгын жана мындан нары да алып бара албастыгын айтып, ээлеген кызматынан бошотуп коюсун сураганы маалым болду.

Окуу жылындагы структуралык өзгөрүүлөргө байланыштуу практикнын ишин актуалдуу жана орундуу экени эске алынып, практика бөлүмү штат катары кабыл алынгандыгын отурумдун төрагасы Ө.Т.Станбаев дагы бир ирээт эскертип, бул орунга сунуш берүүнү эскертти.

**Жогоруда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Практика боюнча 2019-2020-окуу жылындагы аткарылган иштердин отчету башка отурумга жылдырылсын.
2. Жаңы окуу жылына карата практика бөлүмү 1штат болуп бекитилгендигине байланыштуу, колледждин практика жетекчиси болуп Н.Арыкова дайындалсын;
3. А.Хамидовадан практиканын тийешелүү иш кагаздарын, ж.б. документтерин актылап өткөрүү үчүн комиссия түзүлсүн.
4. Жаңы дайындалган практика жетекчиге практика ишин көзөмөлдөө жана 2019-2020-окуу жылындагы практиканын ишин карап чыгып, отчетун түзүү милдеттендирилсин.

**2. ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2020-жылдын 20-ноябрдагы №4 аралыктан өткөрүлгөн жыйынында Иш берүүчүлөр менен байланыштардын учурдагы абалы жөнүндө. Аккредитацияда берилген кемчилдиктерди жоюу иш чаралары боюнча маалымат маселесине карата**

Иш берүүчүлөр менен байланыштардын учурдагы абалы жөнүндө жана Аккредитацияда берилген кемчилдиктерди жоюу иш чараларын цикл башчылары жана тийешелүү жооптуулар оку жэыл ичинде карап, берилген тапшырмаларды аткара берүү керектиги айтылды. Жумуш берүүчүлөр менен келишимдерди жаңылап, алар менен аралыктан да тынымсыз байланышта болуп, шартка байланыштуу иш алып барууну төрага эскертти.

**Жогоруда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Жумуш берүүчүлөр менен тынымсыз иш алып бюарылсын.
2. Аккредитацияда айтылган кемчилдиктерди жоюу үчүн тийешелүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**3. ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2020-жылдын 20-ноябрда №4 жыйынында ар түркүн маселеде**

1-модулдун жыйынтыгы боюнча маалымат колледждин методисти Айдар уулу М. Маалымат берди. Окуу процессинин жүрүшү, катышуу, тайпалык журналдардын толтурулушу, типтүү программалардын, жумушчу программалардын окуу бөлүмунө тапшырылышы боюнча Сулайманова Г.А. маалымат берди.

Кесиптик комитеттин төрагасы М.Жаныбеков денсоолугуна байланыштуу өргүү алгандыгана байланыштуу Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин кесиптик комитетинини төрагасын (төрайымын) шайлоо каралды. Мурда ибул комитетте иштеп кеткен жана ишин алып бара алат деп ишеним көрсөтүлүп, комитеттин төрайымы болуп А.Тойгелди кызы бир добуштан колдоо табып, шайланды.

**Жогорууда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Методист М.Айдар уулунун 1-модуль боюнча маалыматы эске алынсын.
2. Г.А.Сулаймановanын маалыматы эске алынсын, берилген тапшырмаларды аткарбаган окутуучуларга эскертилсин.
3. Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин кесиптик комитетинини төрайымына А.Тойгелди кызы бекитилсин.

**Педагогикалык кеңештин төрагасы:** **Станбаев Ө.Т.**

**Педагогикалык кеңештин катчы:** **Тойгелди кызы А.**